**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**ГУЛЬЧИНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 9 - отуруму**

# Т О К Т О М
**№ 9/1**

**2025-жылдын 01-июлу** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнө максаттуу трансферт болуп келип түшкөн 4 037,2 миң сом акча каражатын Гүлчө айыл өкмөтүнө караштуу мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын ички ремонт иштери үчүн жана Курманжан датка сейил багындагы балдар аянтчасы үчүн 2025-жылдын бекитилген сметасынын такталган планына өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезектеги 9-отуруму, айыл өкмөт башчысы Н.Э.Тажибаевдин Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги белгилеген тартипте: Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин бюджет, экономика жана фискалдык саясат боюнча комитети менен макулдашуу боюнча Гүлчө айыл өкмөтүнө караштуу болгон мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин имараттарын оңдоо иштерин жүргүзүүгө, ошондой эле балдар аянтчасын заманбап оюн аттракциондору менен жабдуу үчүн келип түшкөн 4 037, 240 сом өлчөмүндөгү максаттуу трансферт боюнча маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021-жылдагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 6-пунктуна ылайык **токтом кылат:**

1. ”Кыргыз Республикасынын бюджет кодексинин” 55/3-беренесине ылайык, Гүлчө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2025-жылдын киреше бөлүгүнө республикадан кошумча берилген максаттуу трансфертти планга киргизип тактоо жагы каралсын.

| К/н | Берененин аталышы | берене | бардыгы | 3- квартал | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | көбөйтүү | азайтуу |
| 1 | Максаттуу трансферт | 13321200 | 4 037,2 | 4 037,2 | |
| | **Баардыгы** | | **4 037,2** | **4 037,2** | |

2. Гүлчө айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн сметасынын төмөндөгү беренелеринин такталган планына өзгөртүү киргизүү жагы каралсын.

| бөлүм | Бөлүмдүн аталышы | Берененин аталышы | берене | бардыгы | 3-квартал | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | көбөйтүү | азайтуу |
| **704** | Экономикалык суроолор | Курулмалар | 3111 | 1500,0 | 1500 | |
| **706** | **Бала бакча** | **Ички ремонт** | **222100** | **2 537,2** | **2537,2** | |
| | | | | | | |
| | | **Баардыгы** | | **4 037,2** | **4 037,2** | |

2.Жогорудагы акча каражатын 2025-жылга бекитилген сметанын планына өзгөртүү киргизип берүү жагы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Алай финансы башкармалыгынан суралсын.

3.Өзгөртүү киргизилген акча каражатын мыйзамдуу, максаттуу жумшоо жана ушул токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөт башчысы Н.Тажибаевге жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Каныбек кызы Эркинайга милдеттендирилсин.

4.Ушул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө айыл аймагынын айылдык кеңештин экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Б. Самиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br><br>ҮЛЧӨ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ГУЛЬЧИНСКОГО<br>АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Гүлчө айылдык кенешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезектеги 9-отуруму**

**Т О К Т О М**

**№ 9/2**

**01.07.2025.** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнө 2025-жылга карата бекитилген сметасындагы кээ бир салыктык жана салыктык эмес кирешелердин түрүнүн планынын чыгаша бөлүгүнө өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезектеги 9-отуруму, айыл өкмөт башчысы Н.Э.Тажибаевдин Гүлчө айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2025-жылга карата бекитилген сметасынын киреше жана чыгаша бөлүгүнө өзгөртүү жана толуктоо киргизүү жөнүндө маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021-жылдагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктуна ылайык **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын бюджет кодексинин 115-беренесине ылайык, Гүлчө айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнө 2025-жылга бекитилген сметасындагы кээ бир салыктык жана салыктык эмес кирешелердин түрүнүн планынын чыгаша бөлүгүнө өзгөртүү киргизүү жагы каралсын.

| к/ № | Берененин аталышы | берене | бардыгы | 3-квартал | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | көбөйтүү | азайтуу |
| 2 | Мектепке чейинки жана мектеп мекемелерине кошумча кызмат көрсөтүү акысы (атайын каражат) | 14 233 40 0 | 5759,9 | 5759,9 | |
| | **жалпы** | | **5729,9** | **5729,9** | |

2. Гүлчө айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн2025-жылдын бекитилген сметасынын төмөндөгү беренелердин планына өзгөртүү киргизүү жагы каралсын.

| бөлүм | Берененин аталышы | берене | бардыгы | 3-квартал | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | көбөйтүү | азайтуу |
| 2 | Бала-бакча (атайын каражат) | 2218 | 5759,9 | 5759,0 | |
| | **жалпы** | | **5729,9** | **5729,9** | |

3. Жогорудагы акча каражатын 2025-жылдын бекитилген сметасынын киреше жана чыгаша бөлүгүнө өзгөртүү киргизип берүү жагы Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин Алай финансы башкармалыгынан суралсын.

4. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу айыл өкмөт башчысы Н.Тажибаев жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Э.Каныбек кызына милдеттендирилсин.

5. Ушул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө айыл аймагынын айылдык кеңештин экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АЛАЙ РАЙОНУ

ГҮЛЧӨ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ГУЛЬЧИНСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

---

**Гүлчө айылдык кенешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезектеги 9-отуруму**

# Т О К Т О М

**01.07.2025. № 9/3 Гүлчө айылы**

**Гүлчө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгүндө бекитилген сметанын үнөмдөлгөн беренелерден зарыл болгон кээ бир беренелерге жылдыруу жана тактоо жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезектеги 9-отуруму, айыл өкмөт башчы Н.Э.Тажибаевдин жогорудагы билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021-жылдагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктуна ылайык **токтом кылат:**

1.”Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин” 115-беренесине ылайык, Гүлчө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгүндө бекитилген сметасынын үнөмдөлгөн беренелерден зарыл болгон кээ бир беренелерге жылдыруу жана тактоо жагы каралсын.

| К/н | Бөлүмдөр. аталышы | Берененин аталышы | берене | баардыгы | 3 квартал | | 4-квартал | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | кобойтүү | азайтуу | кобойтүү | азайтуу |
| 1 | Эконом маселе | Башка кызмат көрсөтүү | 2215 | 445,1 | 208,5 | | 236,6 | |
| 2 | Эконом маселе | Имараттар, курулмалар | 3111 | 445,1 | | 208,5 | | 236,6 |

2. Жогорудагы акча каражатын 2025-жылдын бекитилген сметасынын киреше жана чыгаша бөлүгүнө өзгөртүү киргизип берүү жагы Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин Алай финансы башкармалыгынан суралсын.

3. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу айыл өкмөт башчысы Н.Тажибаев жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Каныбек кызы Эркинайга милдеттендирилсин.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет жана экономика боюнча туруктуу коммисиясына жүктөлсүн.

**Төрага А.Б. Самиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br><br>**ГҮЛЧӨ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ГУЛЬЧИНСКОГО**<br>**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА** |

**Гүлчө айылдык кенешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 9-отуруму**

**Т О К Т О М**

**№ 9/4**

**01.07.2025.** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айыл өкмөтүнө караштуу Октябрь айылынын тургуну, Социалдык Эмгектин Баатыры, маркум Рыспай Жапышевдин эстелигин Гүлчө айылынын Алымбек датка сейил багына орнотуу боюнча Н.Тажибаевдин сунушу жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезектеги 9-отуруму, Гүлчө айыл өкмөт башчысы Н.Э.Тажибаевдин Социалдык Эмгектин Баатыры, маркум Рыспай Жапышевдин, мамлекетибидин өсүп-өнүгүүсүнө кошкон зор салымы үчүн жана эли үчүн жасаган эмгеги жөнүндө баяндамасын угуп, мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссиясынын чечимине ылайык, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021-жылдагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-17-пунктунун негизинде токтом кылат:

1. Гүлчө айыл өкмөтүнө караштуу Октябрь айылынын тургуну, Социалдык Эмгектин Баатыры, маркум Рыспай Жапышевдин эстелигин Гүлчө айылынын Алымбек датка сейил багына орнотуу үчүн , аянты 4,0 чарчы метр жер тилкеси бөлүнүп берилсин.

2.Кабыл алынган токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Гүлчө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Тажибаевге жана айыл өкмөтүнүн жер боюнча башкы адиси Р. Какаровго милдеттендирилсин.

3.Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө айыл аймагынын айылдык кенешинин агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчик, жол жана коммуникация боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br><br>ГҮЛЧӨ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>ГУЛЬЧИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезектеги 9 - отуруму**

# Т О К Т О М

**№ 9/5**

**01.07.2025.** **Гүлчө айылы**

**Кыргыз Республикасынын Өзгөчө Кырдаалдар министрлигине караштуу Алай токой чарбасынын директору Н.Кошбаевдин Сары-Ой жайлоосунун кире беришине электрондук шлагбаум орнотуу сураныч каты жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезектеги 9-отуруму, Гүлчө токойчулугунун башчысы Абдрахманов Таалайбектин мамлекеттик токой фондусунун жерлерин, эс алуучу жайлардын мамлекеттик деңгээлде көп ачылып кеткендигине байланыштуу, тиешелүү жылгаларга, токой аймактарга кам көрүү үчүн Сары-Ой жайлоосунун кире беришине электрондук шлагбаум орнотуу боюнча билдирүүсүн угуп, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1- 17-пунктунун негизинде **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө Кырдаалдар министрлигине караштуу Токой кызматынын талабына ылайык, Алай райондук токой ресурсун коргоо, тазалыкты сактоо жана элдин коопсуздугуна кам көрүү максатында, Сары-Ой жайлоосунун кире беришине, аянты 10,0 чарчы метр жер тилкесине убактылуу электрондук шлагбаум орнотууга Гүлчө айылдык кеңеши тарабынан макулдук берилсин.

2. Тиешелүү иш-кагаздарын мыйзам чегинде тактап, Гүлчө айыл өкмөтү менен чогуу иш-алып баруу жагы Алай токой чарбасынын директору Н.Кошбаевге сунушталсын жана Гүлчө айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Тажибаевге милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө айыл аймагынын айылдык кенешинин агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчик боюнча маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Самиев**

| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br><br>**ГҮЛЧӨ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ГУЛЬЧИНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |
|---|---|---|

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезектеги 9 - отуруму**

# Т О К Т О М

**01.07.2025.** **№ 9/6** **Гүлчө айылы**

**«Гүлчө коммуналдык чарба» муниципалдык ишканасынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифин бекитүү боюнча 2025-жылдын 13-февралында чыккан №5/2 токтомуна өзгөртүү жана толуктоо киргизүү жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезектеги 9-отуруму, «Гүлчө коммуналдык чарба» муниципалдык ишканасынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифин бекитүү боюнча 2025-жылдын 13-февралындагы 5-отурумунун № 5/2 токтомуна өзгөртүү киргизүү боюнча Н.Тажибаевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 27- беренесинин 2-11-пунктунун негизинде **токтом кылат:**

1. «Гүлчө коммуналдык чарба» муниципалдык ишканасынын автомашиналарынын турмуш тиричиликтин катуу калдыктарын чогултуп, ташып чыгаруу жана жок кылуу үчүн көрсөткөн кызмат-акысы келишимдин негизинде төмөндөгүдөй тарифте бекитилип берилсин:

1. Портер автомашинасынын кызмат көрсөтүү акысы ар бир рейси - 1200 сом

2. МАЗ автомашинасы(суу ташуучу 8 тонналык) ар бир рейсине - 3 200 сом

3. Мерс-418 автоунаасынын ар бир рейсине – 2 100 сом

4. Автовышка автоунаасына саатына - 1 630 сом

**Погрузчик автотехникасынын көрсөткөн кызмат-акысы бир саатына :**

5. Гүлчө айыл аймагы үчүн - 2615 сом

6. Башка айыл өкмөттөргө жана мамлекеттик ишканалар үчүн, саатына - 3 000 с.

7. Жеке менчик фирмаларга – 3 500 сом

8. МТЗ-эксковаторуна саатына -1 366 сом

9. ХОВО (40 ножки) автоунаалары үчүн ар бир рейсине - 4 000 сом

10. – ГАЗ-53 АЦ автоунаасынын ар бир рейси - 3 500 сом болуп белгиленсин.

**2. мекеме-ишканалардын, жеке менчик, коммерциялык уюмдардан (юридикалык жактар үчүн) таштанды ташып чыгаруу үчүн бир айга болгон төлөм тарифи:**

- 50 м2 ка чейинки аянттагы дүкөндөр , киоскалар, чачтарачканалар ж.б.у.с ишканалары үчүн бир айда - 300 сом

- 50 м2 ка чейинки тамак-аш менен алектенүүчү жайлар – 500сом

-50м2 тан 100 м2 га чейинки дүкөндөр, киоск, чачтарачканалар, аптекалар, вулканизациялар ж.бу.с жайлар үчүн бир айда - 700 сом

- 50 м 2 тан 100 м2 чейинки тамак-аш даярдоочу жайлар, ж.б.у.с жеке менчик ишканалар бир айга - 1000 сом

-100м 2 тан жогорку азык-түлүк, кийим-кече, чарба товарлары, курулуш материалдары жана үй-тиричилик техникалары сатылуучу дүкөндөрү үчүн бир айга – 1000 сом

- Гүлчө айыл аймагында жайгашкан менчигинин түрүнө карабастан бардык мекеме-ишканалардагы таштандыларды чыгаруу үчүн, ар бир кызматкерге, айына тариф 40 сомдон болуп бекитилсин.

- мончолорго, машина жана килем жуучу жайларга, машина оңдоочу устаканаларга - келишимдин негизинде

**3. Аянты чоң ишканалар (юридикалык жактар үчүн) таштанды көп чыгаруучу ишканалар үчүн :**

- Базар, «Элиме», «Чолпон» кафеси, «Абдибаит» кафеси, «Боობек» кафе, «Абдибаит» кафе-ресторан, «Ай-Көкүл» рестораны, «Ак Бата Гранд» рестораны жана башка ишканалар, жеке менчик ишканалардагы таштандыларды алып чыгуу күндөрүн эсептөө менен келишим түзүү жана тарифти – 4000 сомго чейинки өлчөмдө бекитүү

4. **Таштанды таштоочу жайга (полигонго) таштанды төгүү үчүн автоунаалардын таштанды таштоолору боюнча тарифтер:**

- ХОВО, Шахман автоунаалары үчүн ар бир рейси - 800 сом

-Камаз автоунаалары үчүн ар бир рейси – 600 сом

-ЗиЛ,Мерседестер үчүн ар бир рейси -500 сом

-Портер автоунаалары үчүн – 300 сом

- Лабо, Муравей унаалары үчүн - 200 сом

-жеке менчик жеңил автоунаалары үчүн – 100 сом

- **Автоцистерна үчүн:**

- Камаз автоунаасынын ар бир рейсине - 800 сом

- ЗиЛ, Газ-53 автоунаалары үчүн ар бир рейси -500 сом

**5. Абоненттерден турмуш тиричилик калдыктарын ташып чыгаруу үчүн адам башына – 40 сомдон болуп бекитилсин.**

- Мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын I жана I I - топтогу майыптыгы бар Гүлчө айыл аймагынын тургундарына, 70 жаштан жогорку ардагерлерге, Ооган согушунун ардагерлерине жана Чернобылчыларга 50 % жеңилдик каралсын.

- Бир кожолукта жети жан болсо, алты жанга төлөм төлөнөт жана жетинчи жандан тартып жогоркусу төлөмдөн бошотулат

- **Ичүүчү Таза-Суу үчүн тарифтер:**

- Абоненттер үчүн ичүүчү Таза-Сууга адам башына - 25 сом

Суу эсептегичи бар абоненттерге , айына 1 куб үчүн – 50 сом

- Короосундагы кудуктан суу пайдалануучулар үчүн адам башына - 25 сом

**Мекеме-ишканалар үчүн:**

1. Банктар айына - 600 сом
2. Кафелер айына -500 сомдон 1000 сомго чейин
3. Ресторандар айына – 1500 сом
4. Мончолорго (аянтын эсепке алуу менен келишимдин негизинде) айына - 1000,0 миң сомдон 2000,0 сомго чейин
5. Май куюучу жайлардан(заправка) айына – 2000 сом
6. Машина жана килем жуучу жайлар - 2000 миң сомдон 3000 миң сомго чейин, келишимдин негизинде
7. Райондук борбордук ооруканасы айына – келишимдин негизинде
8. Тиш дарылоочу ишканаларга – 500 сомдон 1000 сомго чейин
9. Мектеп-интернат айына келишимдин негизинде
10. Мектеп-балдар бакчалары, ж.б ишканалар келишимдин негизинде
11. Жер астынан казылып алынган (кудуктан) сууну пайдалануучуларга дагы ушул тарифтер тиешелүү болуп бекитилсин.
12. Бассейндер – келишимдин негизинде

6. Гүлчө айылынын жашоочулары үчүн суу түтүктөрүн туташтыруу акысы – 3000 миң сом акча каражаты болуп белгиленсин, суу түтүктөрүн тартып берүү үчүн керектелүүчү каражаттар жеке жарандын өзү тарабынан алынсын.

7. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы Гүлчө айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Тажибаевге, «Гүлчө коммуналдык чарба» муниципалдык ишканасынын директору Тынчыбек уулу Марлиске милдеттендирилсин.

8. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет жана экономика боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br><br>ГҮЛЧӨ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>ГУЛЬЧИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезектеги 9 - отуруму**

# ТОКТОМ

**01.07.2025.** **№ 9/7** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айыл өкмөтүнө караштуу Будалык аймагынын Кара-Суу айылынын жашоочуларынын өтүнүчү боюнча мечит куруу үчүн кеңеш тарабынан макулдук берүү жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 9-отуруму, айыл өкмөтүнүн жер боюнча башкы адиси Р.Какаровдун, Гүлчө айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги, аянты 400,0 чарчы метр болгон жер тилкесине айыл элинин өтүнүчү боюнча намаз окуу үчүн мечит куруу жөнүндө билдирүүсүн угуп, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021-жылдагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-5-пунктуна ылайык, Гүлчө айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Гүлчө айыл өкмөтүнө караштуу Будалык аймагынын Кара-Суу айылындагы Гүлчө айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги, аянты 400,0 чарчы метр жер тилкесине айыл тургундары үчүн мечит курууга макулдук берилсин.

2. Тиешелүү иш-кагаздарын мыйзам чегинде тактап иш алып баруу жагы Гүлчө айыл өкмөтүнүн башкы жер адиси Р.Какаровго милдеттендирилсин.

3. Тиешелүү юридикалык документин даярдап берүү жагы Алай архитектура жана шаар куруу башкармалыгына ошондой эле жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин Алай филиалына сунушталсын.

**4.** Кабыл алынган токтомдун аткарылышын мыйзам чегинде камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Тажибаевге милдеттендирилсин.

**5.** Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө айыл аймагынын айылдык кенешинин агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчик боюнча маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br><br>**ГҮЛЧӨ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ГУЛЬЧИНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезектеги 9 - отуруму**

# Т О К Т О М

**01.07.2025.** **№ 9/8** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айылынын К.Султанбеков көчөсүндө жайгашкан суу кампасынын ордун, мүлкү менен муниципалдык менчикке кабыл алуу жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезектеги 9-отуруму, Гүлчө айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Тажибаевдин, Гүлчө айылынын К.Султанбеков көчөсүндө жайгашкан суу кампасына караштуу жер тилкесине 5-01-04-1003-0720-сандуу идентификациялык сыр белгиси берилип, кадастрдык чиймеси чийилип, бирок 2004-жылы жалпы (системалык) каттоо жүргөн мезгилде укук катталбай, токтом чыкпай, муниципалдык менчикке кабыл алынбай калган маселе жөнүндө билдирүүсүн угуп, 2022-жылдын 17-мартындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган «Жерге укуктук мамилелерди жөнгө салуу жөнүндө» Мыйзамынын 8-беренесине жана "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, ошондой эле Жерге жайгаштыруу жана укукту мамлекеттик каттоо боюнча Алай райондук башкармалыгынын кадастрдык чиймелерин жетекчиликке алып, **токтом кылат:**

1. Гүлчө айылынын К.Султанбеков көчөсүндө жайгашкан суу кампасына караштуу жер тилкесинин 5-01-04-1003-0720-сандуу идентификациялык сыр белгидеги суу кампасынын орду, мүлкү менен Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 4-беренесинин 3-бөлүмүнө ылайык, Гүлчө айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине кабыл алынсын.
2. Тиешелүү иш-кагаздарын мыйзам чегинде тактап, иш-алып баруу жагы Гүлчө айыл өкмөтүнүн жер боюнча башкы адиси Р.Какаровго милдеттендирилсин.
3. Юридикалык иш-кагаздарын тактап, даярдап берүү жагы Алай райондук шаар куруу жана Архитектура башкармалыгынан жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин Алай филиалына сунушталсын.
4. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын мыйзам чегинде камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Тажибаевге милдеттендирилсин.
5. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө айыл аймагынын айылдык кенешинин агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчик боюнча маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**ГУЛЬЧИНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 9 - отуруму**

**Т О К Т О М**
**№ 9/9**

**01.07.2025.** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айылынын тургуну Дооранова Райкандын, Нарматов көчөсүнүн №78/1-үйүнүн тамарка багытындагы жер тилкесинин максаттуу багытын соода-сатык дүкөнүн куруу үчүн өзгөртүп берүү арызы жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги депутаттарынын 9 - отуруму, жер маселеси боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы, депутат У.Тажибаевдин Р. Доорановanын тамарка багытындагы жер тилкесинин багытын соода-сатык дүкөнүн куруу үчүн өзгөртүү боюнча билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын 20.10. 2021-жылдагы «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү » Мыйзамынын 34-беренесинин 1-17- пунктарынын негизинде Гүлчө айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Гүлчө айылынын Нарматов көчөсүнүн №78-үйүнүн тургуну Дооранова Райкандын, Нарматов көчөсүнүн №78/1-үйүнун 5-01-04-1002-1056 сандуу идентификациялык сыр белгидеги аянты 154,0 чарчы метр болгон тамарка багытындагы жер тилкесинин максаттуу багыты соода-сатык дүкөнүн куруу үчүн өзгөртүлүп берилсин.

2. Тиешелүү юридикалык документтерди тактап, даярдап берүү жагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин Алай филиалына сунушталсын.

3. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы өкмөт башчысы Н.Тажибаевге милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br><br>ГҮЛЧӨ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>ГУЛЬЧИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 9 - отуруму**

**Т О К Т О М**

**№ 9/10**

**01.07.2025.** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айылынын А.Каримов көчөсүнүн №28-үйүнүн тургуну Бекиев Жаныбектин турак жайына укугу катталбай калган менчик ээси аныкталбаган жер тилкесине кеңеш тарабынан менчик ээсин таануу боюнча токтом кабыл алып берүү жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 9-отуруму, кеңештин агрардык жана жер реформасы боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы У.Тажибаевдин А.Каримов көчөсүнүн №28-үйүнүн тургуну Бекиев Жаныбектин турак-жайына менчик ээсин таануу боюнча маселесин угуп, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 1-апрелиндеги №21 «Жерге укуктук мамилелерди жөнгө салуу жөнүндө» Мыйзамынын 8-беренесине, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021-жылдагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-17-пунктуна ылайык, Гүлчө айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Гүлчө айылынын А.Каримов көчөсүнүн №28-үйүнүн тургуну Бекиев Жаныбектин турак жайына укугу катталбай калган менчик ээси аныкталбаган жер тилкесин 2022-жылдын 1-апрелиндеги №21 Кыргыз Республикасынын «Жерге укуктук мамилелерди жөнгө салуу жөнүндө» Мыйзамынын 8-беренесине ылайык, ошондой эле Гүлчө айылдык кеңешинин 6-чакырылышынын кезексиз 47-отурумунун №47/2 токтомун жетекчиликке алуу менен, Гүлчө айыл аймагындагы калктуу конуштарда 2004-жылы мамлекеттик жалпы (системалык) каттоо жүргөн мезгилде укук катталбай калган кыймылсыз мүлк бирдиктерин мыйзамдаштыруу жагы Гүлчө айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

2. Тиешелүү иш-кагаздарын мыйзам чегинде тактап, иш алып баруу жагы Гүлчө айыл өкмөтүнүн жер боюнча башкы адиси Р. Какаровго милдеттендирилсин.

3.Тиешелүү юридикалык иш-кагаздарын тактап, даярдап берүү жагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин Алай филиалына сунушталсын.

4. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын мыйзам чегинде камсыз кылуу жагы айыл өкмөт башчысы Н.Тажибаевге милдеттендирилсин.

5. Ушул токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын көзөмөлдөө жагы кеңештин агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчик, жол жана коммуникация боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А. Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**ГУЛЬЧИНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Гүлчө айылдык кеңешинин** VIII **чакырылыштын депутаттарынын кезектеги**
**9 - отуруму**

# Т О К Т О М

**№ 9/11**

**01.02.2025.** **Гүлчө айылы**

**М.Абдыкапаров көчөсүнүн №38/1 дарегинде жайгашкан турак-жай курууга арналган жер тилкесинин максаттуу багытын социалдык объект курууга өзгөртүү жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 9-отуруму, Гүлчө айыл өкмөтүнүн жер боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы У.Тажибаевдин «Ыйык Сулайман Тоо» фондусунун өкүлү Камалов Талант Исакбаевичтин М.Абдыкапаров көчөсүнүн №38/1 дарегинде жайгашкан турак-жай курууга арналган жер тилкесинин максаттуу багытын социалдык объект куруу үчүн өзгөртүү боюнча арызы жөнүндө баяндамасын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 12-беренесинин негизинде жана Кыргыз Республикасынын 20.10.2021-жылдагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-17-пунктарынын негизинде **токтом кылат:**

1. Гүлчө айылынын М.Абдыкапаров көчөсүнүн №38/1 дарегинде жайгашкан , аянты 1200,00 чарчы метр болгон турак жай курууга арналган жер тилкесинин максаттуу багытын «Ыйык Сулайман Тоо» фондусу тарабынан, **“социалдык объект куруу үчүн”** өзгөртүлүп берилсин.

2. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы Гүлчө айыл өкмөт башчысы Н.Тажибаевге милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы агрардык жана жер реформасы жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**ГУЛЬЧИНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Гүлчө айылдык кеңешинин** VIII **чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 9 - отуруму**

# Т О К Т О М

**№ 9/12**

**01.07. 2025.** **Гүлчө айылы**

**Т.Отунчиев атындагы орто мектебинин жылуулук системасы 1969-жылдан бери эскилиги жетип, талапка жооп бербей калгандыгына байланыштуу, жылуулук системасын кайрадан жаңылоо боюнча теңдештирүүчү грантка сунуштоо жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезектеги 9-отуруму, экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын Т.Отунчиев атындагы орто мектебинин жылытуу системасы 1969-жылдан бери эскилиги жеткенине байланыштуу, аны жаңылоо боюнча маалыматты угуп, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2023-жылдын 15-майындагы №247 токтомуна ылайык жана Кыргыз Республикасынын 20.10.2021-жылдагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 2-5-пунктунун негизинде **токтом кылат:**

1. Гүлчө айыл өкмөтүнө караштуу Т.Отунчиев атындагы орто мектебинин жылытуу системасын 1969-жылдан бери эскилиги жеткенине байланыштуу алмаштыруу үчүн теңдештирүүчү грантка сунуштоого макулдук берилсин.

2. Кабыл алынган токтомдогу долбоорду даярдоодогу өздүк салым үчүн жергиликтүү бюджеттен акча каражаты карап берилсин.

3. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде максаттуу аткарылышын камсыз кылуу жагы өкмөт башчысы Н.Тажибаевге жана финансы бөлүмүнүн башчысы Каныбек кызы Эркинайга милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет жана экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Б. Самиев**